**№2 Асан Абдраимов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы**

**ата-энелер чогулушунун**

**№1 ПРОТОКОЛУ**

**23.09.2021ж** **Казарман айылы**

**Катышканы: 69**

**Чогулуштун темасы: «Тарбия башаты үй бүлөөдөн башталат»**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1) Директордун 2020-2021-окуу жылындагы иштелген иштери боюнча маалымат.
2) ЖЖОИ инспектордун түшүндүрүү иштери.
3) Ата – энелер комитетин шайлоо.
4) Үч тараптуу келишим түзүү.

**Угулду**

**1-маселе:** боюнча мектеп директору В.Н.Кудагелдиева 2020-2021 окуу жылында иштелген иштери жана жетишкендиктери боюнча маалымат берди .

**-В.Н.Кудагелдиева**: Урматуу ата-энелер барыңыздарды 2021-2022-окуу жылы менен куттуктайм! Быйылкы окуу жылында сиздер менен биринчи ирээт жолугуп жатабыз. сиздерге бекем ден соолук ,иштериңиздерге ийгилик каалайм . 2021-2022-окуу жылында биздин мектепке тарбия иштеринин уюштуруучулары алмашып Ж.Э.Акунова жана А.Ж. Султаналиевалар жаңы иштеп баштады. 2020-2021-окуу жылы көптөгөн жетишкендиктер болду кыскача токтоло кетсем «Манас таануу» интеллектуалдык таймаш оюнунда орус жана кыргыз группалар болуп эки группа катышып райондук деңгээлде орус группа биринчи орунду , кыргыз группа экинчи орунду алып облустук деңгээлдеги таймашка барып катышып келишти. бул да биздин мектептин чоң ийгилиги. Мындан сырткары «Санарип мугалим» конкурсуна биздин мектептен Залимтөрөева Гулмира катышып райондук деңгээлде экинчи орунду камсыз кылды.Ошол окуучулардын билим сапатын өнүктүрүү максатында биздин мектептен бүтүп кеткен Мелисбеков Эркинбек мырза тарабынан уюштурулган «Менин мектебим» долбооруна кирип ОРТ боюнча эң жогорку балл алган беш окуучуга сертификат жана акчалай сыйлыктар тапшырылды. Мугалимдерге стимул болсун деп эң жогорку балл алган окуучунун класс жетекчиси Р. Дюшекеевага да акчалай сыйлык тапшырылды. Билим сапатын көтөрүү менен бирге, материалдык техникалык базаларыбыз да чыңдалды. 2020-2021-окуу жылында « Агахан» фондусу тарабынан 238миң сомдук техникалык каражаттар келип түшттү мында, 4 телевизор ,3 проектор, 2 принтер менен камсыз болдук. Ошол ата-энелердин жана биздин мугалимдердин жардамы менен тогуз класс телевизор, эки класс терезе пардо менен камсыз болуп үч эле классыбыз телевизору жок турат бул класстарга да алабыз деген үмүттөбүз.Азыркы учурда он алты интернети менен телевизорлор иштеп жатат.2020-2021окуу жылында 83-окуучу 9-классты аяктап анын ичинен 15-окуучу артыкчылык күбөлүк менен аяктады.52-окуучу 11-классты бүтүрүп алардын ичинен 22-окуучу ОРТ боюнча босого баллдан жогору баллдарды алып аяктап жогорку окуу жайдын бюджеттик бөлүмүнө 10-окуучу , контрактык бөлүмүнө 24-окуучу өтүп окуп жатышат.Урматтуу ата энелер жогоруда айтылган маалыматтарды эске алып балдардын келечеги үчүн балдарга көңүл бөлүп тартибин ,тарбиясын ,окуусун көзөмөлдөп берүүңүздөрдү сиздерден өтүнөм.

**2-маселе:** боюнча сөз ЖЖӨИнин инспектору Маткаримов Аскатка берилет:

**- А.Маткаримов**: Саламатсыздарбы урматтуу ата - энелер сиздерге түшүндүрүп кетчү нерсе 2021-жыл Тогуз-Торо районунун аймагында жашы жете элек өспүрүмдөр арасында кылмыш көп катталууда быйылкы жылга караганда балдарга кайдыгер мамиле болуп жатабы деп ойлоп жатабыз. Ар бир ата - эне балдарды кечки саат 8.00дөн кийин көчөгө чыгарбасаныздар. Чыкса да бир чоң адамдын коштоосу менен чыкса деп сиздерден суранып кетет элек.Азыркы учурда рейддер жүрүп жатат, ошондуктан балдарды эч жака чыгарбай катуу карасаныздар. К.Рнын бузуулар жөнүндө кодексинин негизинде кылмышка жараша категорияларга бөлүнот.Бузуулар кодексинин 61-беренеси 3-пункуттан турат айып пул баюнча . ата-энелерге салына турган айып пул 1000сомдон 23000сомго чейинки өлчөмдө салынат. Мындай чыгымдар сиздерде болбосун деп каалайбыз ошондуктан балдардын тартибин жакшы кантролго алыныздар.Кийинки маселе телефон болуп жатат анткени жаш өспүрүм балдардын психологиялары бузулуп жатат ар кандай оюндардын негизинде. андыктан балдар интернеттен эмне көрүп жатканын карашыныздар керек. Балдарды кечкисин компьютердик оюндарга жибербей кантролго алыныздар. Кафелерде иштеген балдарды келишим түзүп иштетип жатасыздарбы ? Эгерде келишими жок иштетип жана сабагынан кечигип , окуганга окуучу жетишпей калса жооп бересиздер муну эстен чыгарбашыбыз керек! Сиздерге айтаар сөздөрүбүз ушулар . балдарыныздарды кечинде көчөгө чыгарбай жакшы карасаныздар эле кылмыштуулук болбойт урматтуу ата-энелер.

**-Р.Сулайманова**: Менде сунуш бар жанагы компьютердик оюндарды бүгүнкү күнкү чогулуштун чечими менен жабууга болобу .эгерде болсо аракет кылып көрүнүздөр.

**- А.Маткаримов**: Биз жаба албайбыз .Бирок аракет кылып көрсөк болот.

**- Р.Сулайманова**: Азыркы учурда техниканын жетишкен учур. биз балдарды телефон кармаба деп тыя албайбыз анткени кээ бир сабактарды балдар интернеттен алып окушат .ошондуктан балдарга телефонду туура пайдаланганды үйрөтүшүбүз керек деп ойлойм.

**3-маселе:** Ата-энелер комитетин шайлоо боюнча:

**-Ж.Э. Акунова**: Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер күн тартибиндеги үчүнчү маселе боюнча. 2020-2021- окуу жылында ата –энелер комитети Токтосунова Гүлсайра эжебиз иштегенин барыбыз билебиз. Мектепте «Камкорчу кенеш» долбоорунда мүчө болуп иштеп Гүлсайра эже мектептин материалдык техникалык базасын чындоого чоң салым кошту . 2020-2021-окуу жылында иштеген иштериниз боюнча айта кетсениз.

**- Г.Токтосунова**: Менин иштегениме беш жылдын жүзү болуп калды бул жылдардын аралыгында көптөгөн иштерди кылдык . көбүнчө «Камкорчу кенеш» долбоорунда иштедик. Быйылкы окуу жылында өткөрүп берейин. башкалар деле иштесин.

**-Ж.Э.Акунова** : Урматуу ата - энелер . ата-энелер комитетинин төрайымына жана мүчөлөрүнө активдүү биз менен тыгыз байланышта болуп иштей турган ата-энелерден сунуштап бересиниздер.

**- Р.Сулайманова**: Комитеттин курамы беш кишиден болсун деп сунуштайм Гүлсайра беш жыл иштептир чарчап иштегиси келбей деле калат ошондуктан жаны шайлаганыбыз жакшы.

**- В.Н.Кудагелдиева** : Урматтуу ата-энелер учурдан пайдаланып Токтосунова Гүлсайра эжеге мектептин атынан жана өзүмдүн атымдан ыраазычылык билдирем. анткени Гүлсайра эже камкорчу кенеш менен бирдикте көп иштерди аткарып 238миңдик материалдык техникалык базаны чындоого салымы чоң .2021-2022-окуу жылында дагы камкорчу кенеш долбоору кайрадан иштегени жатат. ошондуктан жакшы активдүү иштеп бериш керек. Урматуу ата-энелер Гүлсайра эже өткөрүп берем деп жаткандыктан жакшы иштеп бере турган жаш ата-энелерден сунуштап бересиниздер. анткени биз менен дайыма байланышта болуп камкорчу кенеш долбоорунда иштеп бере турган ата-энелерден шайлап бересиздер.

**- Токтосуновка Г**: Сатарова Анаиды сунуштайм.

**- Р.Сулайманова**: Токтосунова Гүлсайраны мүчөлүккө сунуштайм.

**- Ж.Э.Акунова**: Мен 6-класстын ата-энеси Аманалиева Элмира

**- Э.Нургазиева**: 8-класстын ата-энеси Абдымамбетова Гүлмира

**- С.Усоналиева**: Уулуулардан Арыкова Айзаданы сунуштайм

**4-маселе:** үч тараптуу келишим боюнча А.Ж.Султаналиева келишимди толук окуп берип ата-энелерге тааныштырды .

Жогорудагы ой пикир, сунуштарды угуп талкуулап №2 Асан Абдраимов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушу

**Токтом кылат:**

1) 2020-2021окуу жылындагы аткарылган иштер боюнча директор В.Э.Кудагаелдиеванын маалымат бергендиги белгиленсин.
2) ЖЖЖОИ испекторунун берген маалыматы, сунушу эске алынсын.
3) Ата-энелер комитетинин төрайымы :Аманалиева Элмира
   Мүчөлөрү: Арыкова Айзада, Сатарова Анал, Токтосунова Гүлсайра, Абдыманбетова Гүлмира ата - энелер комитетинин төрайымы жана мүчөлөрү болуп шайлансын.
4) Үч тараптуу келишим түзүлсүн жана ишке аткарылсын.
5) Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө тарбия иштеринин уюштуруучусу Ж.Э. Акуновага калтырылсын.

**Чогулуш башчысы:** Ж.Акунова

**Катчысы:** А.Султаналиева